УДК: 37.091+159.923

Исакова Ч.Б.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЭЛЕКТРОНДУК ОКУТУУ БАГЫТЫНДА “ПСИХОЛОГИЯ” ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА “ИНСАНДЫН ПСИХОЛОГИЯСЫ” ТЕМАСЫНДАГЫ ЛЕКЦИЯЛЫК САБАКТЫН ПЛАН-КОНСПЕКТИСИ

*Макалада “Психология” дисциплинасы боюнча “Инсандын психологиясы” темасындагы лекциялык сабактын план-конспектиси электрондук окутуу багытындагы айрым методдорду: электрондук презентация, электрондук тесттер, оф-лайн лекцияны колдонуу жолдору көрсөтүлгөн.*

Заманбап маалыматтык коомдогу илимий-техникалык, саясий, социалдык чөйрөлөрдө пайда болгон өзгөрүүлөр билим берүү системасына өзүнүн таасирин тийгизүүдө. Бул – албетте, мыйзам ченемдүү көрүнүш. Учурда коомдогу ар кандай талаптар, көрүнүштөр, жашоо шарт азыркы инсандардан, өзгөчө, жаш муундардан билимдүүлүктү, мобилдүүлүктү, активдүүлүктү талап кылат. Студенттерде бул сапаттарды калыптандырууда жогорку окуу жайлардын мааниси чоң. Бүгүнкү күндө, информациялык технологиялар өнүккөн шарттарда, электрондук окутууга өтүү сапаттуу билим берүүнүн негизги шарттарынын бири болуп саналат.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун педагогикалык адистигиндеги 1-курстун 2-семестринде өтүлүүчү “Психология” курсу боюнча “Инсандын психологиясы” темасындагы лекциялык сабактын электрондук окутуунун элементтерин колдонуу менен түзүлгөн план-конспектиси берилди.

## Тема: Инсандын психологиясы
## Лекциянын мазмуну

- **План:**

1. Индивид – инсан – индивидуалдуулук.
2. Инсандын түзүлүшү.
3. Инсандын калыптанышы.
4. Оф-лайн электрондук тест.
5. Адабияттар.

- **Сабактын максаты:** индивид, инсан, индивидуалдуулуктүшүнүктөрү боюнча студенттердин билимдерин толуктоо, кеңейтүү; инсандын түзүлүшү жөнүндө маалымат берүү; адамдын инсанынын калыптанышынын негизги факторлору жөнүндө маалымат берүү.
- **Сабакта колдонулган методдор жана стратегиялар:** Мээ чабуулу, кластер, лекция, электрондук презентация.
- **Сабактын жабдылышы:** доска, бор, компьютер, проектор.

- **Сабактын жүрүшү:**

1. **Киришүү.**
2. **Мээ чабуулу. Кластер түзүү.**

**Суроо:** Силердин оюңар боюнча, инсан бул  ким?

Биринчиден, студенттер өз алдынча иштешет, андан кийин пикирлер доскада жазылат.

3. **Жаңы теманы түшүндүрүү.**

*Слайд. Лекциянын суроолору жана адабияттар.*

**1-суроо. Индивид – инсан – индивидуалдуулук – субьект.**

Инсандын психологиясы – инсандын табиятын, өнүгүү механизмдерин үйрөнүүчү психологиянын тармагы.

Психология илиминде “индивид”, “инсан”, “индивидуалдуулук”, “субьект” түшүнүктөрү негизги, базалык категорияларга киришет.

Слайд. Схема: Индивид – инсан – индивидуалдуулук.

**Индивид** (лат. сөзү individuum - ажырагыс) – кандайдыр бир социалдык топтун  өкүлү болгон адам, сүт эмүүчүлөр тобуна кирүүчү биологиялык жандык. Биологиялык түр катары дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Окумуштуулар индивид түшүнүгүн адам түшүнүгү менен маанилеш, бирдей карашат. Индивид – инсан, индивидуалдуулук түшүнүктөрүнүн негизи.

Индивид бул:

1. Тубаса жана чөйрөдө калыптанган касиеттердин өзгөчө, кайталангыс тобуна, жыйындысына ээ болгон адам.
2. Адам, социалдык жандык катары тубаса, биологиялык сапаттардын чегинен чыккан көлөмдүү түшүнүк.
3. Адам башка адамдар коомунда өзгөчө орунду ээлеген инсан.

Инсан – индивидге караганда тар түшүнүк. Ал адамдын калыптанышынын белгилүү этабында пайда болот.

**Инсан** – аң-сезимге ээ болгон жана дүйнөнү өзгөртүүчү субьект.

Окумуштуулардын эсептөөлөрүнө караганда, инсан түшүнүгүнө 50гө жакын аныктама берилген, бирок алардын бирин да толук жана так деп эсептөөгө кыйын.

Инсандын калыптанышы көбүнчө социалдык чөйрөгө көз каранды болуп, индивидден коомдук ишмердиги жана коомдо ээлеген орду боюнча айырмаланат. Инсандын маани-маңызын философия, психология, ал эми индивидди физиология үйрөнөт.

Инсан – турмуштук көз карашы, жоопкерчилигин акырына чейин жеткирүү аракети бар, эркин чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон активдүү адам. Инсан – аң-сезимдүү жана дүйнөнү кайра түзүүнүн субьектиси болгон конкреттү адам. Адам  инсан  болуп төрөлбөйт, ал коомдо калыптанат.

**Инсан** – бул коомдо белгилүү орунду ээлеген, пайдалуу коомдук иш-аракетти

аткарган, өзүнө гана мүнөздүү болгон индивидуалдык, социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болгон индивид.

**Индивидуалдуулук –** бул адамдын өзгөчө, кайталангыс касиеттери.

**Индивидуалдуулук –** адамды инсандык жактан мүнөздөөчү оригиналдуу белгилери. Индивидуалдуулук бул ар бир адамды башка адамдардан айырмалоочу өзгөчөлүк болуп эсептелет. Ар бир адам индивидуалдуулукка ээ, айрым адамда ал ачык көрүнсө, башкаларда билинер-билинбес болушу мүмкүн. Ага адамда соматикалык, психикалык жана коомдун таасиринде пайда болгон касиеттердин тобу кирет. Индивидуалдуулук интеллектуалдык, эмоционалдык, эрк чөйрөдө же бардык психикалык ишмердүүлүктө байкалышы мүмкүн.

Индивидуалдуулук:

- Мүнөз;
- Социалдык шартталган ишмердүүлүк:
- Өздүк баалоо;
- Турмуштук тажрыйба;
- «Мен» концепциясы;
- Өздүк реализациялоого болгон муктаждык.

**Субьект** (лат. сөзү subjectum – зат атооч,индивид) адам тарыхый жана коомдук процесстин субьектиси, тактап айтканда, конкреттүү ишмердүүлүктүн субьектиси, обьективдүү чындыкты таануу жана өзгөртүүнүн булагы катары эсептелет.

Субьект бул:

- Ар кандай касиеттерге ээ болгон адам, инсан;
- Предметтүү-практикалык ишмердүүлүктүн жана таанып-билүүнүн конкреттүү өкүлү;
- Жүрүм-туруму жана тажрыйбасы маанилүү, үлгү боло турган адам, башка адамдар бул адам үчүн обьект болуп эсептелет.

**2-суроо. Инсандын психологиялык түзүлүшү**

Инсан көптөгөн индивидуалдуу өзгөчөлүктөргө ээ. Алардын пайда болушу – татаал көрүнүш, инсандын психологиялык түзүлүшүн аныктоо адамдын жүрүш-турушун алдын-ала көрө билүүгө жардам берет, адамдар ортосундагы мамилелерди жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет.

Инсан өзгөчө туруктуу түзүлүшкө ээ, бул түзүлүшүндө инсандын айрым сапаттары өз ара тыгыз байланышта болуп иерархиялык системага камтылат.

Илимде инсандын түзүлүшүнүн проблемасы боюнча көптөгөн илимий теориялар иштелип чыккан.

Окумуштуу К.К.Платонов инсандын динамикалык түзүлүшүнүн концепциясын иштеп чыккан. Инсандын жалпы түзүлүшү болуп, анын бардык өзгөчөлүктөрүнүн жана белгилеринин жыйындысы эсептелет.

К.К.Платонов инсандын негизги төрт тарабын аныктаган:

1. Инсандын социалдык шартталган өзгөчөлүктөрү (багыттуулугу, дүйнөгө болгон көз карашы, моралдык сапаттары, каалоолору ж.б.)

2. Жеке тажрыйба (билимдер, билгичтиктер, ыкмалар).

3. Психикалык процесстердин индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү (көңүл буруу, эс, ой жүгүртүү ж.б.)

4. Биологиялык негизде шартталган өзгөчөлүктөр (темперамент, жөндөмдүүлүк, инстинкттер).

Инсандын 1, 2-тарабы социалдык жактан шарттатса, 3, 4-тараптарыгенетикалык жактан шартталган. Инсандын төрт тарабы тең бири-бири менен тыгыз байланышта, бирок инсандын социалдык тарабы болгон анын көз карашы, багыттуулугу, муктаждыктары, кызыгуулары, идеалдары, эстетикалык сапаттары доминанттуу таасирге ээ.

**Инсандын багыттуулугу**

Адам – социалдык чөйрө менен тыгыз, үзгүлтүксүз байланышта болгон коомдук жандык. Ал өзүнө зарыл болгон нерселердин бардыгын коомдон алат.

Адамдын ишмердүүлүгү, анын коомдогу жүрүм-туруму субьективдүү шартталган, андан канагаттандырууну талап кылган нерселерди чагылдырат. Адамдын ишмердүүлүгүндө, жүрүм-турумунда, тарбиялоо процессинде калыптанган, б.а., жалпы коомго, өзүнүн ишмердүүлүгүнө, инсанга мүнөздүү болгон мамилелер системасы көрүнөт.

Инсандын багыттуулугу жогоруда көрсөтүлгөн инсандын өзгөчөлүктөрүн камтыйт.

***Инсандын багыттуулугу*** инсандын жашоосундагы жана ишмердүүлүгүндөгү мотивдери, көз караштары, муктаждыктары, максаттары, установкаларын камтыган психикалык касиети болуп эсептелет.

*Слайд. Инсандын багыттуулугу.*



⇩

***Максаттар***

***Инсандын муктаждыктары*** – инсанга зарыл болгон нерселер.


Адам, тирүү организм катары, өзүнүн тиричилиги, ишмердүүлүгү үчүн сырткы чөйрөдөн алынган белгилүү шарттарга жана каражаттарга муктаж болот.

**Муктаждыктар** - инсан зарыл болгон нерселер.

Адам ар кандай нерселерге муктаж. Мисалы, **материалдык** муктаждык-тамактануу, кийим, үй, жылуулук ж.б. жана **руханий** муктаждык адамдын коомдук жашоосу менен аныкталып: коомдук ишмердүүлүккө, өз ара карым-катнашка, билимдерди өздөштүрүүгө, чыгармачылыкка, искусствону үйрөнүүгө болгон муктаждыктар кирет.

*Слайд. Муктаждыктардын түзүлүшү.*

**Муктаждыктардын түзүлүшү**




**Мотив** – инсандын муктаждыктары менен тыгыз байланышта болгон жана белгилүү иш-аракетке түрткү болгон адамдын ички күчтөрү. Мотив – адамды иш-аракетке ниеттендирген, муктаждыктарды канааттандырууга багытталган инсандын аракеттери. Мотивдер – бул аң-сезимдүү муктаждыктар. Мотивдер ар тараптуу, аларды биологиялык жана социалдык деп экиге бөлүшөт.

**Биологиялык мотивдер** – адамдын физиологиялык муктаждыктарын чагылдырган кызыгуулары, каалоолору.

**Социалдык мотивдер** – инсандын кызыгуулары, идеалдары, ишенимдери, алар жашоодо маанилүү ролду ойношот.

***Инсандын дүйнөгө болгон көз карашы*** - бул инсандын табиятка, коомго, адамдар мамилелерине калыптанган илимий көз караштын системасы, алар адамдын аң-сезиминде белгилүү жашоо максаттары, кызыгуулары, позициялары, мамилелер түрүндө көрүнөт.

***Инсандын установкалары*** – тигил же бул ишмердүүлүктү аткарууга болгон даярдыгы, каалоосу же тескерисинче активдүүлүгүн тормоздоо.

Установка түшүнүгүн илимге немец психологдору Н.Ланге, И.Мюллер, Т.Шумандар киргизишкен. Андан ары бул кубулушту грузин психологу Д.Н.Узнадзе (1888-1941) кеңири изилдеген.

Адамда кандайдыр бир турмуштук тажрыйбалардын негизинде боло турган окуяны алдын ала кабыл алууга даяр турган ички абал пайда болот. Бул абал, бир жагынан, аң-сезимсиз мүнөзгө ээ болсо, экинчи жагынан, ал адамдын аң-сезиминин мазмунун аныктоочу, багыттоочу факторго айланат. Д.Н.Узнадзе инсандын мындай абалын «установка» деп атаган.

Установка – тышкы таасирлерге кайра жооп берүү жана жүрүш-туруш аракеттерин башкарып, уюштурууну жөнгө салуучу жүрүш-туруштун туруктуулук өзгөчөлүгүн туюндурган түшүнүк.

***Максаттар*** **–** инсанга маанилүү нерселер, кубулуштар, маселелер, обьектилер, аларга ээ болуу, жетүү инсандын жашоосунун жана ишмердүүлүгүнүнүн негизи болуп эсептелет.

**3. Инсандын калыптанышы.**

*Слайд. Инсандын калыптанышына таасир этүүчү факторлор.*

Инсандын калыптанышы, негизинен, башка адамдар менен болгон пикир алышуу процессте ишке ашат, бирок ошол эле учурда инсандын калыптанышына төмөнкү факторлор таасир этет:

1. Биринчиден, инсандын калыптанышына индивиддин тубаса берилген генетикалык өзгөчөлүктөрү таасир этет. Индивиддин тубаса белгилери инсандын калыптанышынын негизи болуп эсептелет.
2. Адамдын инсанынын калыптанышына таасир этүүчү экинчи фактор болуп физикалык чөйрө эсептелет. Бизди курчап турган чөйрө биздин жүрүм-турумга дайыма таасир этүү менен, инсандын калыптанышына катышат.
3. Инсандын калыптанышына таасир этүүчү үчүнчү фактор болуп маданияттын таасири саналат. Ар бир маданият социалдык нормалардын жана баалуулуктардын белгилүү жыйындысына ээ.
4. Инсандын калыптанышына таасир этүүчү төртүнчү фактор болуп социалдык чөйрөнүн таасири эсептелет. Социалдык фактор идивиддин инсандык сапаттарынын калыптанышында негизги болуп эсептелет.
5. Заманбап коомдогу адамдын инсанын калыптандыруучу бешинчи фактор болуп адамдын индивидуалдуу тажрыйбасы эсептелет.

**Электрондук тест (оф-лайн формада өтүлөт)**

**Инсан бул:**

а) турмуштук көз карашы, оригиналдуу ой-жүгүртүүсү менен өзгөчөлөнгөн коомго салым кошуучу активдүү адам;

б) биологиялык уруунун өкүлү болгон адам;

в) бир адамды экинчи адамдан айырмалай турган өзгөчөлүк.

**Индивидуалдуулук:**

а) бирдей максатты көздөгөн адамдардын тобу;

б) бир адамды экинчи адамдан айырмалоочу психологиялык белгилердин жыйындысы;

в) коомго салым кошуучу индивид.

**Инсанды калыптандыруучу факторлор:**

а) биологиялык ;

б) социалдык;

в) айлана-чөйрө;

г) адамдын жеке тажрыйбасы;

д) бардык жооптор туура.

**Кандайдыр бир социалдык группанын өкүлү болгон адам, сүт эмүүчүлөр тобуна кирүүчү биологиялык жандык бул:**

а) индивид;

б) инсан;

в) субьект.

**Инсандын жашоосундагы жана ишмердүүлүгүндөгү мотивдерин, көз караштарын, муктаждыктарын, максаттарын, установкаларын камтыган психикалык касиети бул:**

а) социалдык фактор;

б) инсандын багыттулуугу;

в) инсандын активдүүлүгү.

**Адабияттар:**

1. *Гамезо М.В., Домашенко И.А.* Атлас по психологии. - М.: Российское педагогическое агентство, 1998. – 272 с.

2. *Миңбаев К.* Адам психологиясы. – Ош, 1990.- 314 б.

3. *Немов Р.С.* Психология. В 3 кн. Кн. 1. - М.: ВЛАДОС, 1997.- 688 с.

4. *Рубинштейн С.Л.* Основы обүей психологии. - СПб.: Питер ком, 1999.

**Кошумча адабияттар:**

1. Олпорт Г.В. Личность в психологии. – М., СПб., 345 с.

2. Первин Л.А., Джон О.П. Психология личности.-М., 2000.-607 с.

3. Психология личности в трудах зарубежных психологов./Сост. и обү. ред. А.А.Реан. -СПб., 2000. -320 с.

4. Бодалев А.А. Психология о личности. -М., 1988. -187 с.

5. Петровский А.В. Быть личностью. -М., 1990. -110 с.

6. Платонов К.К. Структура и развитие личности. - М., 1986.-254 с.

7. Леонтьев А.Н. Деятельность. Сознание. Личность. -М., 1975.